КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ЫСЫК-АТА РАЙОНУ

ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН

ЫСЫК-АТИНСКИЙ
АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ

---

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезектеги XXVI (жыйырма алтынчы) сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын 15-январы №176/XXVI-28** **Алмалуу айылы**

## Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн мамлекеттик сатып алуулары жөнүндө

Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары карап, талкуулап чыгып, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын негизинде Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн мамлекеттик сатып алууларындагы мүчүлүштүктөрдү болтурбоо жана алдын алуу максатында мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары Ы.Итибаева жана А.Алымкулова мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүү боюнча комиссиясына мамлекеттик сатып алуулар порталына ылайык кирсин.
2. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн мамлекеттик сатып алууларын жүргүзүүдө Ысык-Ата айылдык Кенешинин депутаттары менен биргеликте чогуу өтүнмө берүү, кабыл алуу, өткөрүү тапшырмасы Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн башчысына жана финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысына, мамлекеттик сатып алуулар боюнча жетектөөчү адисине жана айыл башчыларга берилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышы каржы жана бюджет боюнча туруктуу комиссияга жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнө жүктөлсүн.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**